УДК 159.9.019.2:371.623.8

# ИСКУССТВОДОГУ ГЕШТАЛЬТ ФИЛОСОФИЯСЫ

***Др. Зухал Башбуг*** *Акдеңиз университети Көркөм Өнөр факультети*
*zuhalbasbug@akdeniz.edu.tr*
***Проф. Др. Фатих Башбуг*** *Кыргыз-Түрк Манас университети Көркөм Өнөр факультети*
*fatih.basbug@manas.edu.kg*

**Аннотация**: Теория Гештальта, возникшая в Германии в первой половине 20-го века, была направлена на влияние психологического преобразования человека развитием выражений восприятия и организации восприятия. Эта трансформация формирует у человека связанного с искусством такие формы, как мозг, мышление, восприятие и творчество. Качество произведения, которое видят глаза, воспринимается мозгом и превращается в конкретный объект с личным талантом, отражает все характеристики художника. Эта трансформация восприятия, составляющая основную динамику философии Гештальта, раскрывает выражение ее характерной черты для художника. Формы, видимые глазом и воспринимаемые мозгом, попадают в аудиторию по мере того, как они фильтруются через механизм выражения художника. По этой причине необходимо рассмотреть и изучить расширение этой трансформации, в которой существует много психологических факторов. С этой точки зрения эта философия важна для базового художественного образования. В этой статье будет обсуждаться важность философии Гештальта для базового художественного образования.

**Ключевые слова:** базовое художественное образование, философия Гештальта, творчество.

Ар кандай түшүнүктөрдү ичине камтыган искусство сөзү кылымдар бою адамга таандык сезим жана түшүнүктөрдү чагылдырган форма болуп келген. Адамдын табиятынан пайда болгон байланыш формасы коом менен жеке адамдын ортосундагы көпүрө кызматын аткарган.

Айрым адамдар үчүн искусствонун чыгармалары эмгектин эмгеги деген маанини туюндурат. Бул сезимдерди түшүндүрүүнүн негизги жолу десек да болот. Искусстводогу кайсы бир чыгарма ириде бүтүндөй бир системанын бир бөлүгү болуп саналат (Холлер, 1984, 35). Бул чыгарма системанын бир бөлүгү гана эмес, өнүгүү жана жаңылануу жолундагы жандуу нерсе. Кандай гана максатта болбосун, тулку боюна эстетикалык табитти сиңирген бул жандуу нерсе “Сулуулук менен серттикти” адамдын жеке тандоосуна сунуштайт. Эстетикалык түшүнүктөр боюнча ар кандай сын-пикирлер, талаш-тартыштар, манифестке чыккандар бул агымды башкача жоруп жатканда жалпы коомчулукка бул маселе боюнча ойлонуу, пикирлерин айтуу сунушу тапшырылган. Искусство адамдары “сулуулук” түшүнүгүн эстетикалык түшүнүк менен байланыштырса, илимпоздор бул түшүнүккө түрдүү аныктамаларды берген.

Сулуулукту Сократ үч категорияда бөлүп караган. Алар: Идеалдуу сулуулук, Рухий сулуулук жана Функционалдуу сулуулук. Идеалдуу сулуулук бөлүктөрдүн топтолушу дегенди билдирсе, Рухий сулуулук жан дүйнө сулуулугун туюндурган (Еко, 2016, 48). Сулуулукту Гегель рухий сулуулук деп кабыл алса, Кант эстетикалык туюмдарга негизделген

сулуулук жана акыл, ой-жорум сулуулугу деп бөлүштүргөн. Эстетика жана искусство боюнча кайчы пикирлердин болушу искусствонун ар кырдуу экенинен кабар берет. Мындай учурда акыркы чечимди окурман өзү чыгарат. Жогоруда аталган түшүнүк искусствонун сыйкырдуу түзүлүшүн, чексиз жана эрежесиз, глобалдуу нормаларын ичине камтыйт. Искусстводогу чыгармалар автордун пикир казынасынан чыгып, коомдук түшүнүк менен аралашканда адам баласынын табиятына жана анын нормаларына жараша кабыл алынат.

Маркс искусстводогу чыгармалар сатылуу максатында гана бааланбашы керек экенин айткан. Искусство бул сооданын жана акча табуунун бир жолу катары карагандар эстетикалык баалуулуктарды түшүнүү мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес деп баалаган (Роуз, 2015, 104). Бул көз караш искусство байлыкка ээ болуунун жолу эмес дегенди билдирет. Ал эми Комбрич искусство түшүнүгүнө башкача аныктама берген.

Комбрич “Искусство тарыхы” деген китебинде: “Искусство деген эч нерсе жок. Искусство адамдары гана бар” деген ойун билдирген (Комбрич, 2014, 16). Чыгармачыл адам болбосо чыгарма жаралбайт. Комбричтин ою боюнча, чыгармачыл адам эмгегине жан киргизип, өзүнүн чыгармасынын архитектору жана баалоочусу болуп эсептелет. Искусствонун негиздери деген сабакта баалоо методу берилип, адамдын жөндөмү менен катар түс, чийме, жана тактар аркылуу өзүн табуу багыты аныкталат. Бул биринчи баскыч болуп эсептелет. Утур өзгөрүүгө дуушар болгон жана билимдин жетишпей турган кезинде жаңылыкка, өзгөрүүгө жана өнүгүүгө жол ачылат. Аты аталган сабакта окуу планынын салттуу эмес маанисинде, бирок практикада бөлүк-бүтүн мамилелерин 1920-жылы пайда болгон Гештальт Теориясы боюнча баалоо искусство багытында билим алган окуучулардын дүйнө таанымына оң таасир эткен. Ошол себептүү искусство негиздери боюнча сабактарды Гештальт философиясы боюнча баалоо талапка ылайык. Германиялык психологдордун бири болгон Макс Вертхаймер, Волфганг Көллер жана Курт Кофка бул теориянын негиздөөчүлөрү болгон. Бул теория өзүнөн кийинки визуалдуу кабыл алуу теориясына жол ачкан. Теориянын негизин түзгөн бөлүктөр менен катар анын таасирлери боюнча темалар да орун алган. Теория менен теориктер визуалдуу кабыл алуу түшүнүгүнө байланыштуу бир топ изилдөө иштери жасалып, түрдүү басмалардан аталган теорияны жайылтууга аракеттер жасалган.

Дүйнөнү визуалдуу кабыл алуу теориясы биринчи жолу 1950-жылы жарыяланган. Бул басманын мазмунунда Биология, Авиация жана Согуш темалары орун алган. Аталган теориянын системасы визуалдуу искусство адамдарынын арасында абдан популярдуу болуп, дүйнөгө тараган (Слоан, 2016, 201). Сөз кабыл алуу жөнүндө гана эмес, ошол эле учурда ойлонуу, сезүү жана мотивация берүү түшүнүктөрү менен да тыгыз байланыштуу (Врихт, 2001, 208). Билим берүүнүн бардык багытында бул түшүнүктүн кабыл алынышы табигый көрүнүш. Искусство билими боюнча сүрөткер эмгегинин үстүндө индивидуалдуу эмгектенүүнүн устүндө ойлонуп, изилдеши абдан маанилүү фактор болуп саналат. Сезүү түшүнүгү искусство жана чыгармачыл адамдардын эң күчтүү сезимдеринин бири. Мындай адамдар сезимтал болушат. Жашоодо болуп жаткан окуяларга, көрүнүштөргө болгон мамилесинен бул сезимдерин билүүгө болот. Ал эми мотивация болсо, чыгармачыл чөйрөнү жана адамды даярдоо менен бирге жаратуучулук механизмине түрткү болот. Жогоруда аталган үч түшүнүк Гештальт теориясынын негизи жана фундаменти болуп саналат. Бөлүктөн бөлүккө өтүүнү чагылдыруу формасы Гештальт философиясынын дагы бир негизги элементтеринин бири болгон.

Гештальт теориясы бөлүктөр бириккен визуалдуу форма түшүнүгүнө негизделген. Гештальт философиясында өң-түстөр бир бүтүндүк катары каралган. Бирок өң-түстү бир стимул катары кароо аздык кылат. Кабыл алуу принцибине интеграцияланган психологиялык абалды эске алуу өзүнчө бир принцип катары бааланышы керек (Померанц, 2006, 619). Адам бөлүктөрдөн бүтүнгө жеткенде психологиялык бир чечимге келет. Бул чечим адамдын ой-жоруму жана ойду кабылдоосу болуп саналат. Ницше айткандай, “Факт жок, ой-жорумдар гана бар”. Акылды аң сезимдүү түрдө кабыл алуу бул белгилүү бир кодду белгилүү бир эрежелерге ылайык кабыл алуу деп баалоо керек (Сонтаг, 1998, 11). Заманбапташуу процессин

бир окуя катары баалоо адамдардын жөндөм түшүнүктөрүн сындоо менен түшүндүрүлөт. Ушундан улам искусствонун негиздери өңүтүнөн алып караганда, жазылган ар бир чыгармага ой-пикир менен сын-пикирлердин берилиши маанилүү. Табиятты түшүндүрүүдө адам чыгарма жаратуу процессин баштайт. Чыгармада берилген символдор теманын ачылышына себеп болот. Бул символдор чыгарманын негизги мазмунуна кошумча маани берип, аны тереңден түшүнүүгө шарт түзөт.

Бодриярдын ою боюнча, символ түшүнүгү дүйнөнүн эки өлчөмдүү образын элестетүү дегенди билдирет. Чыныгы дүйнөнү кабыл алууда дал ушул эки өлчөм иллюзия сезимдерин пайда кылат. Бирок виртуалдуу дүйнө тескерисинче, адамды образга кайрылып, үч өлчөмдүү сүрөттөөнү пайда кылуу менен адамдагы иллюзия сезимдерин жокко чыгарат (Бодрияр, 2018: 17). Искусствонун негиздери боюнча өтүлгөн сабактарда берилген бул жаңылыш түшүнүк түрдүү оптикалык сызык кыймылдарын ичине камтыйт. Ошентип, терендик сезими Терендик Теориясы деп аталып, көрүүчүнү өзүнө тартат жана көп кырдуу чөйрөгө сүңгүп киргишине шарт түзөт. Мында мезгилдик жана мейкиндик түшүнүгү чоң мааниге ээ. Мейкиндик түшүнүгү чен-өлчөмдө маанилүү элементтердин бири болуп саналат. Бул болсо өз кезегинде Гештальт философиясынын негизги темаларынын бири.

Гештальт философиясында мейкиндик, визуалдуу, угуу жана интеллектуал процесстери бир бүтүндүктү түзгөн элементтер (Смит, 1941, 193). Чыгарманын мазмунунда мейкиндик түшүнүгү жалгыздыкты жана бүтүндүктү билдирген негизги элемент. Бул элемент бүтүн изилдөө объектилерин ичине камтыйт. Асманда асылып турган нерселер абстракттуу түшүнүктөргө каршы келип, түзүлүшү боюнча интеграциялоочу каситин жоготот. Ошол себептен элементтердин бүтүндүгү жана ылайык келүүсү абдан маанилүү.

Гештальт философиясында искусствонун негиздери боюнча билим берүүдө өң-түстөр мааниге ээ экенин сунушталат. Нерселер, окуялар, образдар белгилүү бир чыгарманын мазмунунда орун алып, өң-түстөр тактары менен аныкталат. Автор маанилүү нерсеге өзгөчө бойокторду берүү менен баса көрсөтөт. Ошондуктан өң-түстөрдүн коддору болот. Бул коддор бир эле учурда түстөрдүн жан дүйнөсү маанисин да камтыйт. Өң-түс коддору көрүп кабыл алуу аркылуу бүтүн дүйнөнүн өзгөчөлүгүн чагылдырат. Субъективдүү түстөр табиятта бар, бирок аларды ар кандай кошулмалардан алынган толкун узундуктары деп кабыл алууга болот (Померанц, 2006, 621). Искусствонун негиздери боюнча билим берүүдө өң-түстөр табиятта жок, бирок фовисттер колдонгон кошумча катары кабыл алынышы мүмкүн. Мындай учурда сүрөткер табиятты чагылдыруу жана кабыл алуунун мүнөздүү формасын түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Бул абал абдан маанилүү учур. Сүрөткер формалардын стилдик өзгөчөлүгүн көрсөткөн жаңылыкты киргизе алат.

Жыйынтыктап айтканда Гештальт философиясында чийме, форма, өң-түс, так жана токуу өнөрүнүн адистеринен визуалдуу группа түзүлүп, аларды айырмачылыктар менен кошо бир бүтүндүктө кароо максаты коюлган. Бул багыттагы адистердин көз карашы боюнча бул сыяктуу формалар бир гармонияны түзүп, жаңы багытка чыга турган символдорду бир группага топтойт. Адамдын аң сезими призмасынан алганда чийме, чекит сыяктуу символдор адистер тарабынан мурунку чагылдыруу элементтери катары кабыл алынган. Мында объект менен форма мейкиндик сыяктуу кабыл алынат. Ошентип, искусстводо аталган бөлүктөр бир бүтүн катары каралышы маанилүү. Искусствонун негиздерин түзгөн бул өзгөчөлүктөр Гештальт теориясы боюнча бааланып, башка эмгектерге үлгү боло алат. Жарым-жартылай калган чиймелер кошумча элементтердин бүтүндүгүн көз аркылуу толуктап, үнөмдөө өзгөчөлүгү менен катар психологиялык мааниси да бар бул теория искусствонун бардык тармагында чоң мааниге ээ. Ошого карабастан искусствонун билим берүү багытында бул теориянын колдонулбай жатканы аталган багыттагы бир топ кемчиликтерге жол ачат деп бааланышы керек.

**Колдонулган адабияттар**:


1. Baudrillard, J. (2018). Sanat Komplosu Yeni Sanat Düzeni ve Çağdaş Estetik I, (çeviren: Elçin Gen, Işık Ergüden), İstanbul: İletişim Yayınları.
2. Eco, U. (2016). Güzelliğin Tarihi, (çeviren: Ali Cevat Akkoyunlu), İstanbul: Doğan Kitap.
3. Gombrich, E. H. (2014). Sanatın Öyküsü, (çeviren: Ömer Erduran, Erol Erduran), İstanbul: Remzi Kitabevi.
4. Höller, Y. (1984) Composition of the Gestalt, or the making of the organism, Contemporary Music Review, 1:1, 35-40.
5. Pomerantz, J. R. (2006) Colour as a Gestalt: Pop out with basic features and with conjunctions, Visual Cognition, 14:4-8, 619-628.
6. Rose, M. A. (2015). Marx'ın Kayıp Estetiği Karl Marx ve Görsel Sanatlar, (çeviren: Aydın Çavdar), İstanbul: Ayrıntı Yayınları.
7. Sloan, K. (2016) Gestalt in Motion: Wholeness, Systems and Perception in Post-War British Art, Visual Culture in Britain, 17:2, 200-224.
8. Smith, V. F. (1941) An interpretation of the theory of gestalt, The Australasian Journal of Psychology and Philosophy, 19:3, 193-215.
9. Sontag, S. (1998). Metis Seçkileri Sanatçı Örnek Bir Çilekeş, İstanbul: Metis Yayınları.
10. Wright, M. H. (2001) Gestalt psychological theory's value in rhetorical criticism, Quarterly Journal of Speech, 87:2, 208-215.